КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____№_____ Бишкек ш.

Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоонун натыйжалары жөнүндө отчеттуулук формасын бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 18-майындагы № 175 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишине баалоо жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишине баалоо жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобонун 17-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары - Агенттик) жөнүндө Жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кызматчылардын комплекстүү баалоонун натыйжалары боюнча отчеттуулук формасы (тиркемеге ылайык) бекитилсин.
2. Агенттиктин кадр саясаты башкармалыгынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү отчеттуулук формасын иште колдонуу үчүн мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жөнөтсүн.
3. Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү бул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Агенттиктин веб-сайтында анын жарыяланышын камсыз кылсын.
4 Ушул буйрук, эгерде ушул буйрукта башкача каралбаса, кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-23/289, 28.10.2026

Кол койгон: Джантаев Э.Н.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Б.С. Усеналиевага жүктөлсүн.

Директор **Э.Н. Джантаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин
2026-жылдын “___” -_____
№ _____ буйругу

Кызматчыларды комплекстүү баалоонун натыйжалары боюнча
ОТЧЕТ

Органдын аталышы			
Отчеттук мезгили			
1. Ишти баалоонун натыйжалары	**Бардыгы, кызматчылар *(шт. ыраат. боюнча)***	**анын ичинде**	
		түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери	**башка кызматчылар (3-п.)**
«Мыкты» (56 баллдан 60 баллга чейин)			
кызматы боюнча жогорулатууга сунушталды - бош кызмат орду болгондо жана квалификациялык талаптарга ылайык келген учурда жогору турган кызматка артыкчылыктуу дайындоого			
материалдык (финансылык мүмкүнчүлүк болгондо) же материалдык эмес сыйлоо чарасын колдонуу сунушталды			
кызматчыны ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө сунуш киргизилди			
кызматчыны Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары квалификациясын жогорулатууга жиберүү сунушталды			
кызматчыга мурда колдонулган тартиптик жазаны алып салуу жөнүндө сунуш киргизилди			

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

«Жакшы» (46 баллдан 55 баллга чейин)			
материалдык (финансылык мүмкүнчүлүк болгондо) же материалдык эмес сыйлоо чарасын колдонуу сунушталды			
кызматчыга мурда колдонулган тартиптик жазаны алып салуу жөнүндө сунуш киргизилди			
«Канааттандырарлык» (36 баллдан 45 баллга чейин)			
кызматчыны квалификациясын жогорулатууга жөнөтүү жөнүндө сунуш киргизилди			
бош кызмат орундары болгон жана квалификациялык талаптарга ылайык келген учурда кызматчыны төмөндөтүү боюнча сунуш киргизилди, К-Б категориясындагы кызмат орундарын ээлеген, квалификациясын жогорулатууга жөнөтүлгөн кызматчыларды кошпогондо			
«Канааттандырарлык эмес» (36 баллдан аз)			
Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте кызматчынын класстык ченин (атайын наамын) төмөндөтүү жөнүндө маселени кароо тууралуу сунуш киргизилди			
кызматчыны ээлеген кызмат ордунан бошотуу жөнүндө сунуш киргизилди			
кызматчыга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик жаза колдонуу жөнүндө сунуш киргизилди			
Бардыгы бааланган			
Бааланган жок (себебин эскертүүдө көрсөтүү менен)			

2. Апелляциялар	**Кызматчылардын саны**
баалоо менен макул эместиги жөнүндө арыз берилди	
кызматчынын пайдасына кайра каралды	
арызды апелляциялык комиссияда кароонун натыйжасына макул болушкан жок (сот органдарына кайрылышты)	

Эскертүү

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Джантаев Э.Н.